Согласовано
Заместитель директора по УР
____________ Караева Дж.И.
«02» 09 ________2024г.

Утверждаю
Директор БТК
К.т.н. ________ К.К. Келебаев
«____»____________2024г.

## 2023-24 окуу жылы боюнча “маалыматтар технологиясы” бөлүмүнүн жылдык иш баяндамасы

### Окуу иштери боюнча

2023-2024-окуу жылына окуу процессинин графиги Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык түзүлдү, анда окуу ишинин жылдык режиминин талаптары жана окутуунун бардык түрлөрү боюнча (теориялык, практикалык, аралык жана жыйынтыктоочу аттестация, каникул) каралды. Окуу жылында график катуу сакталды. Түзүлгөн окуу пландарына ылайык контракттык окуу тайпаларында окуу сааттарын эсептөө жана бөлүштүрүү жүргүзүлдү. Окуу жүктөмдөрү колледждин окутуучуларынын ортосунда бөлүштүрүлдү жана окуу жайдын директорунун буйругу менен бекитилди.

Бөлүмдүн 1-сентябрга карата контингенти

2-курста-106 студент

3-курста-73 студент

Сырттан окуу -52 студент

Бүтүрүүчү студенттердин саны-98

| Адистик | 1-курс | 2-курс | 3-курс | Баардыгы |
|---|---|---|---|---|
| Автоматаштырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо | 180 | 152 | 108 | 460 |
| Компьютердик системаларды программалоо | | 15 | | 15 |

## Окуу-усулду иштери.

2023-2024 окуу жылында кышкы жана жайкы сессиялар толук модульдун жыйынтыгы менен “AVN” программасы аркылуу автоматташтырылган түрдө жүргузүлдү.

Билим берүүнүн модулдук-рейтингдик системасынын жобосуна ылайык, учурдагы контрол окутуучулар тарабынан үзгүлтүксүз негизде жүргүзүлөт жана белгилүү бир модулду аяктагандан кийин 20 баллдан ашпаган тиешелүү баллдарды белгилейт; студенттер, өз кезегинде, модулдарды аяктагандан кийин, электрондук тестирлөөнүн жардамы менен аралык контролду тапшырышат жана ошого жараша белгилүү бир баллдарды алышат. Студенттер дисциплиналар боюнча окуу курсун аяктагандан кийин электрондук тестирлөө түрүндө жыйынтыктоочу контролду да тапшырышат. Алынган (топтолгон) баллдардын негизинде окуучуларга жыйынтыктоочу баа коюлат. Быйылкы окуу жылында система штаттык режимде иштеп жатат. Бардык окутуучулар дисциплиналар боюнча рейтингдик планды түзүштү, ар бир студентке модулдарды кантип алуу керектиги айтылды. Модулдарды (1, 2 жана 3) жеткирүүнүн графиктери түзүлдү.

1 – 50 балл “2” канаттандыраарлык эмес
51 – 69 балл “3” канаттандыраарлык
70 – 84 балл “4” жакшы
85 – 110 балл “5” эң жакшы

**Бөлүм боюнча билим сапаты** (МРСтин жыйынтыгы менен)

| Катар № | Тайпалар | Билим сапаты |
|---|---|---|
| 1 | ПО (11-кл)-303-3-21 | 59.85 |
| 2 | ПО (9-кл)-303-2-21 | 56.3 |
| 3 | ПОо(9-кл)-303-4-21 | 41.41 |
| 4 | ПО (9-кл)-303-1-21 | 31.92 |
| 5 | ПОз-303-21 | 6.6 |
| 6 | ПОо(9-кл)-203-1-22 | 50.35 |
| 7 | ПОо(9-кл)-203-2-22 | 47.07 |
| 8 | ПОо(9-кл)-203-3-22 | 55,43 |
| 9 | ПОо(11-кл)-203-4-22 | 53,73 |
| 10 | ПКС(11-кл)-202-1-23 | 54,68 |
| 11 | ПОз(9-кл)-203-22 | 2,8 |

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы No 470 токтому менен бекитилген 2Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмунун билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо жөнүндө” жобонун негизинде МАКтын төрагалыгына талапкерлердин тизмеси Педагогикалык кеңеште каралып Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин 2023-жылдын 29- декабрдагы №285/5 буйругу менен бекитилген.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин буйругуна ылайык, МАКтын төрагалыгына «Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо» адистиги боюнча – Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигине караштуу “Санарип билим берүү борбору” мамлекеттик мекемесинин жетекчиси Бабаев Бектурган Назарбекович бекитилди.

1. Мамлекеттик атестациялоо комиссиясынын курамдары бекитилди.
2. ГАК тын графиги
3. ГАКтын программалары
4. Экзамендик билеттер бөлүмдө каралып чыгып, бекитилди.

2023-2024-окуу жылынында окуу процессинин графиги боюнча күндүзгү окуу бөлүмүнө Сабактар аралык жыйынтыктоочу Мамлекеттик экзамен 13- 14-июнда болуп өттү жыйынтыгы төмөнкүдөй болду.

| **Тайпалар** | **Жалпы саны** | **Уруксат алды** | **Уруксат алган жок** | **«5»** | **«4»** | **«3»** | **«2»** | **Келген жок** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 303-ПО-1 | 30 | 30 | | 20 | 10 | - | - | |
| 303-ПО-2 | 25 | 24 | 1 | 10 | 11 | 3 | | |
| 303-ПО-3 | 18 | 18 | | 7 | 11 | - | | 1 |
| 303-ПО-4 | 8 | 8 | - | 2 | 5 | 1 | | |
| | 81 | 80 | 1 | 39 | 37 | 4 | | |

Сырттан окутуу бөлүмү боюнча

| **Тайпалар** | **Жалпы саны** | **Уруксат алды** | **Уруксат алган жок** | **«5»** | **«4»** | **«3»** | **«2»** | **Келген жок** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 303-ПОз | 18 | 18 | | 7 | 9 | 2 | - | - |

Бардык окутуучулар электрондук билим берүү ресурстарын колдонушат.

## Уюштуруу иштери

2023-2024-окуу жылынын жыйынтыгында студенттер жана ата-энелери менен тыгыз байланышта мыкты иштеген кураторлор болуп төмөнкүлөр эсептелди.

303-1-ПО-Омуралиева З.М.-84,69%

203-1-куратор Стаценко -74%,

202-ПКС- Садыкбаев Н. -65,85%

Өз ара сабактрага катышып, андан сырткары 10-11-класстардын окуучулары үчүн Санкт-Петербуг шаарынын БГТУнун программирование боюнча 30-январь, 6-13-февралдарда ZOOM аркылуу сабактага катышты.

## Сунуштама

Окуу иштерин өнүктүрүп, окууга керектелүүчү адистик боюнча жабдууларды орноштуруу, жаңы келген жаш мугалимдерге квалификациясын жогорлатуучу курстарга жиберүү.

**Жыйынтыктоо:**

1. Электрондук журналды колдонуу активдүү жүргүзүлүүдө
2. Сабактарда мугалимдер сабактын ар түрдүү формаларын жана усулдарын колдонуп билимдин сапатын жогорулатуунун үстүндө иштеп жатышат
3. Окутууда жана тарбиялоодо заманбап педагогикалык технологияларды колдонушууда
4. Мотивациясы жогору жана төмөн болгон окуучулар менен иштөөдө ар түрдүү формадагы сабактарды, усулдарды колдонулууда
5. Педагогдор кесиптик билимин өстүрүү боюнча курстан өтүшүүдө жана өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштеп жатышат.
6. Тажрыйма алмашуу менен ийгиликке жетишүүгө шарт түзүлгөн
7. Жаш жана жаңы келген мугалимдер менен түзүлгөн иш план боюнча иш алып барылат.
8. Тажрыйбалуу мугалимдердин тобу түзүлгөн жана алар иш план боюнча иш алып барышты.

Сунуштар:

1. Билим берүү процессинде ден-соолукту сактоочу, маалыматтык компьютердик технологияларды жигердүү колдонуу.
2. Заманбап инновациялык психологиялык-педагогикалык билим берүү тутумдарын изилдөөнү жана колдонууну улантуу.
3. Студенттердин билим сапатын жогорулатуу үчүн заманбап технологияларды колдонуп, сабакты өтүүнүн сапатын жогорулатуу.
4. Педагогдор айрыкча кесиптик билимин өстүрүү боюнча курстардан өтүү жаа өз билимин өркүндөтүү темасынын үстүндө иштөөнү күчөтүү.
5. Мотивациясы жогору болгон окуучулар менен класстан тышкаркы иштерди көп-көп өткөрүлүүсүнө коңүл буруу.
6. Мотивациясы начар окуучулар менен сабакта ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды берүү менен иштөө, кошумча сабактарды уюштуруу жана куратор, ата-энелер менен тыгыз байланышта болуу.
7. Кесиптик компетенттүүлүктү жогорулатуу боюнча дайыма иштөө.
8. Тажрыйбалуу педагогдордун иш тажрыйбасын жайылтуунун күчөтүү.
9. Сабактарда жаңы технологияларды колдонуу менен окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүү жана билим сапатын жогорулатуу.

Олимпиадага жана ар кандай конкурстарга катышууга жогорку денгээлде даярдануу сунушталат.

МТ бөлумүнун башчысы Жумабаева С.Ж.